
Алтын Аман

# Сия Жаркын



УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 61
Аман Алтын

А61 «Сия_Жаркын». -Б.: «V.R.S. Company», 2017. -16 с.

**Идея и инициатива:** Динара Аляева, ОФ «Помогать легко!»
**Координатор:** Эльмира Токтогулова
**Иллюстрации:** Асылкан Талип
**Художественный редактор**
**кыргызского текста:** Эльмира Көчүмкулова
**Корректоры:** Бактыгуль Капалова, Татьяна Орлова
**Дизайн и верстка:** Александр Фиделис, V.R.S. Company

**Мы благодарим за поддержку проекта директора типографии V.R.S. Company Юрия Ващенко.**

ISBN 978-9967-28-337-4

Эта книга посвящена нашим маленьким героям - детям, которые борются с тяжелыми заболеваниями и каждую секунду противостоят боли и отчаянию. Мы также хотим посвятить ее родителям и близким, тем, кто всегда рядом с детьми, кто отдает свои сердца и порой самое последнее, чтобы их ребенок встал на ноги и улыбнулся. Мы верим в вашу силу, верим в чудо, которое способна сотворить Любовь.

Бул китеп оор дарттар менен күрөшүп жаткан  биздин кичинекей баатырларыбызга жана өздөрүнүн жүрөгүн берип, акыркы көйнөгүн чечип берген, алардын ата-энелерине жана жакындарына арналат. Биз сиздердин күч-кубатыңыздарга ишенебиз. Сиздердин балага төккөн мээримиңер жана сүйүүңөр, анын жашоо учун күрөшүүсүндө дем берет деп ишенебиз.

А 4803300100-17
ISBN 978-9967-28-337-4

УДК 821.51-93
ББК 83.8

©Алтын Аман,  2017 г.


«Я такое маленькое-маленькое, а темнота вокруг меня такая большая-большая», - думало крохотное Сияние.
Сиянию было страшно двигаться, но оно медленно летело сквозь гущу тьмы. Вдруг Сиянию стало очень-очень страшно и больно. Оно стало затухать от боли. Но Сияние вспомнило про свою маму  и сестренку, ему захотелось их увидеть снова.



«Мен ушунчалык кичинекеймин, ал эми мени курчап турган караңгылык ушунчалык чоң» - деп кипкичинекей болгон Жарык кейип жатты.
Жарык алдыга жылгандан коркуп жаткандыгына карабастан, акырындан учуп бара жатты. Жарык аябай коркуп жатты, анын жаны катуу ооруп жатты. Бир маалда оорусу абдан күчөп, кипкичинекей Жарык бүлбүлдөп өчө баштады. Ошол учурда Жарыктын апасы, атасы, жана сиңдиси эсине түшүп, алардын кучагына кирип кеткиси келди.

Оно собрало всю свою силу и стало бороться с болью. Сияние говорило себе: «Давай, ты можешь! Ты можешь быть сильнее боли! Ты можешь стать больше и преодолеть темноту!» И Сияние заметило, что оно стало ярче, и все вокруг стало светлее. Тогда оно полетело увереннее и намного быстрее, и с каждой секундой Сияние становилось сильнее и сильнее. Темноты вокруг становилось все меньше и меньше.






«Күрөш! Сенин күчүң жетет! Сен бул ооруудан күчтүүсүң! Сен чоңоюп, караңгылыкты жеңип чыгышың керек!» - деп, Жарык өзүнө улам-улам кайталап жатты. Кичинекей Жарык ичинен ушул сөздөрдү шыбырай берип, бир убакта анын жарыгы күчүнө кирип, катуу жаркырай баштаганын сезди. Жарык жанданып, тезирээк уча баштады, ал ылдамдаган сайын, андан чыккан жарык күчүнө кирип, айлана тегереги жаркырап, караңгы кичирейип жоголуп баратты.



Сияние стало больше тьмы! Намного больше. Сияние услышало голос мамы, папы и сестренки:

- Сия, Сия, Сия! Мы здесь рядом. Ты – сильная, ты справишься.



Ошентип чоңоюп отуруп, Жарык караңгылыктан чоң болуп калды. Айлана тегереги баары жаркырап, караңгылык жоголуп кетти. Жарык апасы менен атасынын үндөрү алыстан чыгып жатканын укту:

- Жаркын, Жаркын, кызым! Жаркын, көлөкөм, биз жаныңдабыз. Кызым, күрөш, багынба. Сен бул дарттан күчтүүсүң!



**Когда Сия услышала голос сестренки: «Сиииияяяя, я здесь!», темнота расстоворилась, и она увидела лица родителей, сестренки и доброго Доктора.**
**Доктор сказал:**
**- Сия, ты молодец! Ты так мужественно борешься со своей болезнью!**



-Жаркын эже, мен дагы сенин жаныңдамын! Турчу, экөөбүз ойнобуз, - деп, чыйпылыктаган сиңдисинин үнүн укканда, караңгылык жайылып барып такыр жок болуп тарап кетти. Жаркын көзүн ачканда, ата-энесинин, сиңдисинин, доктурунун жүздөрү ага ажайып көрүндү.
- Жаркын, сен кандай гана азаматсың! Бул жаман дарт менен абдан сабырдуулук менен күрөшүп жатасың! – деп, доктуру Жаркынды мактады.




-А мне снилось, что я – Сияние в темноте. Мне было сложно, но я смогла победить темноту – я превратилась из крохотного Сияния в огромный-огромный СВЕТ и уничтожила темноту.

- Сия, какой замечательный сон! Ты и вправду похожа на Сияние и ты на самом деле очень-очень сильная и можешь бороться со своей болезнью.



-Мен укмуштай түш көрдүм: түшүмдө мен – кенедей Жарык экенмин да. Айлана-тегерегимдин бардыгын капкара караңгылык каптап, мен коркуп, ооруп, бирок ал караңгылык менен күрөшүп жатып, акыры аны жеңип, кымындай жылдызга окшогон жаркылдактан калдайган Жарыктыкка айландым. Ал эми караңгылык болсо акырында жок болуп кетти. Мен аны өзүмдүн жарыктыгым менен такыр жок кылып салдым! Элестеттиңерби?!

- Аиий, Жаркын, кандай гана керемет түш кириптир сага! Сен чындап эле жаркылдаган Жарыктыкка окшогон кызсың! Ошол жарыктык кандай күчкө ээ болсо, сен дагы ошондой күчкө ээсиң. Сен дагы түшүңдөгү жарык караңгылык менен күрөшкөндөй, дартың менен күрөшө аласың! – деп, атасы анын албыр жүзүнөн өөп койду.



А ее маленькая сестренка закричала:
- Сия, Сия, в следующий раз, когда ты будешь бороться с темнотой, позови меня. Я тебе помогу ее победить!
- Доченька, мы все тебе поможем в борьбе с темнотой, – засмеялись родители.
- Так же, как  Вы мне помогаете в борьбе с болезнью? - спросила Сия.



-Жаркын эже, Жаркын эже, кийинки жолу караңгылык менен кармашканда мени дагы сөзсүз чакыр! Мен сага жардам берем! Экөөбүз биргелешип аны бат эле жеңип салабыз! – деп, сиңдиси бир жерде туралбай ызылдап жатты.
- Кызым, биз бул караңгылык менен чогуу алышабыз, – деп ата-энеси каткырып, Жаркындын кичинекей сиңдисин колдошту.

- Ооба, силер мага оорум менен күрөшкөнгө жардам берип жаткандай эле да, – деп Жаркын үшкүрдү.

-Да, доченька. Ты должна знать, что мы не боимся твоей болезни. И мы тебя любим. Ты действительно наше Сияние!



-Ооба, кызым, ошо сыяктуу эле. Жаркын, биз сенин ооруңдан эч коркпойбуз. Сен оорусаң да, оорубасаң да биз сени баары бир жакшы көрөбүз. Сен чынында эле биздин жаркылдаган Жаркыныбызсың. Сенин ушинтип дартың менен талыкпай күрөшкөнүң сыймактанууга татыктуу, - деп Жаркындын апасы ага дем берип колдоду.

Жаркындын доктуру да минтип кошумчалады:
- Жаркын, сен чындап эле азаматсың! Сенин оору менен күрөшөм деген ниетиң биз үчүн абдан маанилүү. Сен дарыларды ичип, ийнелерден коркпогонуң, сени дарылоодо биз үчүн чоң жардам! Сен эми ушундай маанайыңдан жазбай , тезирээк сакайып кет.

Сия закрыла глаза, но темноты больше не было. Она только видела много света, и у нее приятно защекотало в животике. Она чувствовала, какая она сильная, и хотела бороться со своей болезнью.
«Я буду бороться с ней, с этой болезнью», - уверенно прошептала Сия, радуясь, что она смогла в своем сне победить тьму и стать большой, сильной и светлой!



-Ооба, мен караңгылык менен күрөшөм, мен андан коркпойм... – деп шыбырап сүйлөп Жаркындын көзү уйкуга илинип кетти... Ал уктап калды, бирок караңгылык уйкусунда башка болгон жок. Жаркын жаркыраган жарыкты гана көрүп жатты. Анын ичи жылып, көңүлү ткөтөрүлүп, оорусу менен күрөшүүгө керек болгон күч-кубатын сезип жатты.

«Мен оорум менен күрөшөм, күрөшөм», - деп Жаркын уйку-соонун ортосунда кобуранып, караңгылыкты жеңип, жарыктык нурунан жылуулук сезип мемиреп уктап жатты.

*Уважаемый читатель, покупая данную книгу, Вы делаете вклад в лечение тяжелобольных детей Кыргызстана.*

*Урматуу окурман, бул китепти сатып алуу менен, оор дарттарга чалдыккан, кичинекей кыргызстандыктардын дарылануусуна салымыңызды кошуудасыз.*

ПОМОГАТЬ ЛЕГКО

*Помочь сейчас:*

*Лицевой счет Мобильного кошелька - Мобильник 3335339,*
*Кошелек Эльсом 0556400400*
*Расчетный Счет KGS: 1180000058976715*
*BENEFICIARY BANK SWIFT(BIC) DEMIKG22, BIC 118005*
*USD 1180000058976816*
*EUR 1180000058976917*
*RUB 1180000058977119*
*ЗАО «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк»*
*ОФ «Помогать легко»*